«Макулдашылды»

Педкеңешменин

чечими менен

№1. 30.08.2020

«Бекитемин»

Мектептин директору

Курманалиева З.С.

**А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби**

Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Жобо

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Жарандардын оозеки жана жазуу түрүндөгү кайрылууларын өз убагында кароону уюштуруу, жооп берүү, чечим чыгарууну коюлган мөөнөттө жөнгө салуу тартиби.

1.2. Жарандардын оозеки жана жазуу түрүндөгү доо-арыздары мектептин тартиби боюнча өз убагында каралат.

1.3. Мектепте тартип боюнча жарандардын жекече, жамааттык арыздары каралат ( Мындан ары кайрылуулар).

2. **Жарандардын келип түшкөн кайрылууларынын жөнгө салуучу чечимдик укуктук актыларынын тизмеси**

2.1. Мектепте төмөнкү укуктук ченемдик актылар жарандардын кайрылууларын жөнгө салат
- КР Мыйзамынын " Жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндөгү" 4-май 2007-жылдагы №67 ( КР Мыйзамынын редакцияланышы 26.02.2008-ж. №16, 15.07.2009-ж №214, 03.05.2011-ж." 17, 15.07.2013-ж. №144, 17.02.2015-ж.№35, 27.02.2016-ж.№148, 27.07.2016-ж.№151)

3. **Жарандардын кайрылууларын кароону маалыматтоо тартибинин талаптары**

3.1. Мектептин жарандарынын кайрылууларын кабыл алуучу электрондук почта, телефонунун номерлери боюнча маалымат берүү.

3.2. Мектептин почталык дареги: Чүй областы, Чүй району Чапаев айылы Ленин көчөсү №54
Почталык индекс:
Электрондук почтанын дареги: Shkolachapaeva @mail.ru
Кабыл алуу телефон номери: 0707804616

3.3. Мектептин маалымат бурчунда төмөнкүлөр турат:
- Мектептин жайгашуусу;
- Электрондук дарек, маалымат берүүчү телефондун номери;
- Мектептин жооптуу кызматчыларынын кайрылуунун жыйынтыгын чыгаруу тартиби;
- Жарандардын кайрылууларын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар;

4. **Жарандардын кайрылуусун кароо мөөнөтү**

4.1. Жарандардын кайрылуулары бир күндөн кем эмес убакытта каттоодон өтөт

4.2. **Жарандардын кайрылуулары мектептин компетенциясында эмес болсо, 5 күндүн ичинде тиешелүү жакка дарек менен жөнөтүлөт.**

4.3. Жарандардын кайрылуулары бир нече суроодон туруп, башка уюмдардын же бөлүмдөрдүн компотенциясында болсо, 5 күндүн ичинде көчүрмөлөрү даректин негизинде жөнөтүлөт.

4.4. Жарандардын жазуу түрүндөгү кайрылуулары катталгандан кийин 30 күндүн ичиндеги мөөнөттө каралат.

4.5. Кайрылууга карата кошумча материал топтоого жана таанышууга, текшерүүгө жана башка ченемдерди кабыл алууга карата кайрылган жаранга мөөнөттү узартуу боюнча жетекчи же жетекчинин орун басары жазуу формасында кайрылат (30 күн ичинде)

4.6. Жарандын оозеки түрүндөгү кайрылуусуна (телефон же жекече) мектептин кызматкери жекече жооп берсе болот же убагында жооп бере албаса, кайрылган жаранга кат жүзүндө кайрылуусун айтып, башка убакытта жооп берсе болот.

5. Жарандардын кайрылууларын кароочу **керектүү** ченемдик укуктук актылар

5.1. Жарандардын кайрылууларын кароо төмөнкүлөргө таянып багытталат.

- Почтадагы жазууга;
- Мектептин электрондук почтасына;